**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаны коргоо боюнча Д.07.20.624диссертациялык кеңешинин (адреси: Бишкек ш. Раззаков көч 51 а) Алыкулова Гүлбү Корошовнанын 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)"деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоо жыйынынын**

**22.01.2021-ж.** **Бишкек ш.**

**ПРОТОКОЛ № 2/2**

**Төрайым:** Урматтуу Кеңештин мүчөлөрү! Бүгүнкү жыйында диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнөн 11 киши катышып отурат:

1. Арзыматова Айнура Атыгаевна (пред.) – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02.
2. Карыева Анара Карыевна (Окумуштуу катчы) – т.и.д., Адистиги – 07.00.02.
3. Абытов Байболот Капарович – т.и.д., Адистиги – 07.00.02 жана 07.00.09. (**ОНЛАЙН**).
4. Алымбаев Жээнбек Байыскулович – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02; 07.00.09.
5. Айдаркул Каана – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02; 07.00.09.
6. Дадабаева Гульнара Рахимовна – т.и.д., профессор. Адистиги 07.00.03. (**ОНЛАЙН**)
7. Жаркынбаева Роза Сейдалиевна – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.03. (**ОНЛАЙН**)
8. Жакыпбеков Жаныбек – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.09.
9. Кененсариев Ташмамбет– т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02; 07.00.09.
10. Маанаев Эгемерди Жумагулович – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02.
11. Мокеев Анварбек – т.и.д., профессор. Адистиги - 07.00.02; 07.00.03. (**ОНЛАЙН**)
12. Эсенкулов Нурмамат Жокенович – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02; 07.00.09.

Кворум бар. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү катышып олтурушат, кеңештин жумушун баштасак болот. Кеңештин жыйынын ачууга каршылык жокпу?

**Күн тартибинде:**

1. **Алыкулова Гүлбү Корошовнанын** “Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)” темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамын изиденип алуу үчүн жазган диссертациясын алдын ала коргоо.

*Адистиги:* 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы

*Илимий жетекчиси:* тарых илимдеринин доктору, профессор Курбанова Назира Умаровна

Диссертациялык иш Ж. Баласагын ат. Кыргыз Улуттук университетинин, Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин, Кыргызстандын тарыхы кафедрасында аткарылган.

Эксперттик комиссиянын курамы: Каана Айдаркул т.и.д., профессор, т.и.д., проф. Абытов Байболот Капарович, т.и.д., профессор Эсенкулов Нурмамат Жокенович.

Күн тартиби боюнча кимде кандай пикирлер бар?

Кеңештин мүчөлөрү: Бекитилсин.

**Төрайым:** Талапкердин аттестациялык делосундагы материалдары жана иш кагаздары менен тааныштыруу үчүн, сөз окумуштуу катчы, тарых илимдеринин доктору Карыева Анара Карыевнага берилет.

**Окумуштуу катчы, т.и.д. Карыева А.К:** Изденүүчү Алыкулова Гүлбү Корошовнанын аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрайым:** Өздүк делонун материалдары боюнча окумуштуу катчыга кандай суроолор бар?

**Төрайым:** Суроо жок. Сөз диссертациянын негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн сөз Алыкулова Гүлбү Корошовнага берилет.

**Изденүүчү:** Урматтуу төрайым, урматтуу диссертациялык кеңештин катышуучулары! Сиздерге “Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)” деген темадагы диссертациялык ишим боюнча тааныштырууга уруксат бериңиздер.

Азыркы мезгилде дүйнө өтө динамикалуу өзгөрүп, жаңы билимдер жана технологиялар тез темп менен күн санап пайда болууда. Ошол эле учурда мезгил адамзат коомунун алдында улам жаңы өзгөрүүлөрдү, талаптарды тынымсыз коюп келүүдө. Адамзат ишмердүүлүгүнүн бардык формаларынын интеллектуалдашышы азыркы өлкөлөрдө жалпы тенденцияга айланып калды. Азыркы ааламдашкан конкуренцияда билимдүү, интеллектуалдуу жактан өнүккөн гана коомдор анын талабына жооп берип жана атаандашууга туруштук берип жашап калышы мүмкүн.

Эгемен Кыргыз мамлекети өзүнүн стратегиялык программаларында жогорку билим берүүнү, анын сапатын жогорулатууну өнүгүүнүн эң маанилүү, приоритеттүү багыты жана инструменти катары баалап келет.

Кыргыз коому өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө дайыма жаңы билимдерге, сапаттуу жашоого, руханий баалуулуктарды түзүүгө, аларды өнүктүрүүгө жана сактоого аракет кылып, аларды кылымдардан кылымдарга, муундан – муунга өткөрүп келгендиги жөнүндө кыргыздын руханий баалуулугунун туу чокусу болгон Манас эпосунда жана элибиздин оозэки чыгармаларында даана, так, улуу көркөмдүк менен айтылып келгендиги баарыбызга маалым.

Бүгүнкү күндөгү ааламдашуу процесси койгон талаптарды, жаңы технологияларды ийгиликтүү ишке ашырууда ишенимдүү өнөктөштөр менен гана чечүү мүмкүн экендиги белгилүү. Бул тарizден алганда Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү жаатындагы өз ара карым-катнашы кызматташтыгынын тарыхы кенен жана тажрыйбасы мол.

Изилдөөгө алган теманын актуалдуулугун төмөнкү факторлор аркылуу негиздөөгө болот.

Биринчиден, өлкө эгемендик алгандан кийин билим берүүдө ачыктык, эл аралык стандарттарга умтулуу мезгили башталган эле. Ошондуктан, эгемен Кыргызстандын билим берүү саясаты заман талабына ылайык жаңы баалуулуктарга умтулган, аларга артыкчылык берген. Бирок биз талдоого алган 1991-жылдан 2011-жылга чейинки жаңыланууга багыт алган тарыхый мезгил жогорку билим берүү системасындагы татаал тандоону, айрым тобокелдикке барууну жана кризиске кабылуу сыяктуу оор сыноолор жана шарттар менен коштолду. Ушундай татаал кырдаалда Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсү Кыргызстанга салыштырганда ырааттуу жана туруктуу мүнөздө болгону менен айырмаланган. Бул учурда Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн эл аралык мейкиндикке кошулуусуна Россия Федерациясы жана анын жогорку окуу жайлары өлкөбүзгө интеллектуалдык, гуманитардык жана материалдык колдоо көрсөтүп кандайдыр бир көпүрө катары да милдет өтөдү десек болот. Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына методикалык, ресурстук, каржылык жана тажырыйбалык колдоолорду тынбай көрсөтүп келет. Ошондой эле жыл сайын кыргызстандык жүздөгөн жаштардын жогорку кесиптик билим алуусу үчүн Россиянын бир нече жогорку окуу жайлары эшигин ачат. Айрыкча, мындай колдоолор өлкө эгемендүүлүккө жеткен алгачкы эки он жылдыкта Кыргызстан үчүн абдан мааниге ээ болгон. Эки өлкөнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштар билим берүүдөгү реформаларды рационалдуу жүргүзүүгө көмөктөшкөн жана бул мезгилде Кыргызстан менен Россиянын билим берүү тармагындагы өз ара кызматташуусунун жаңы этабы башталган.

Ошентип Кыргызстан менен Россия Федерациясы бул мезгилге чейин бирдиктүү советтик системада карым-катнаштык мамиледе болуп келсе, 1991-жылдан баштап эки өлкөнүн мамилеси анын ичинде билим берүү

системасы, жогорку окуу жайлары жаңы саясий эгемендик кырдаалда, рыноктук өз ара байланышта калыптанган жана өнүгө баштаган.

Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын бул жаңы тарыхый шарттагы өз ара байланышы биздин Ата мекендик тарыхчы-окумуштуулар тарабынан атайын илимий изилдөөгө алына элек.

Экинчиден, Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштары тарыхый жактан узак мезгилди камтыганы жана ар тараптуулугу менен да айырмаланып турат. Айрыкча бул кызматташтыктын биз иликтөөгө алган 1991-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилдеги тарыхый орду өзгөчө мааниге ээ болгон. Эки өлкө ортосундагы жогорку билим чөйрөсүндөгү өз ара байланыштар Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, өлкөлөрдүн мамлекеттер аралык ар тараптуу кызматташуусунда чоң роль ойноду. Бул аралыкта Россиянын алдыңкы жогорку окуу жайларынан кыргызстандык көптөгөн уландар жана кыздар өлкөнүн социальдык-экономикалык өнүгүүсүнө зарыл болгон заманбап адистиктер боюнча кесиптик билим ала алышты.

Ушуга байланыштуу эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарынын багыттарын аныктоо жана маанисин тарыхый талдоого алуу, келечегин тактоо Кыргызстан менен Россиянын мындан аркы бул чөйрөдөгү кызматташууларынын дагы да жакшыруусуна жана өнүгүүсүнө өбөлгө болоору шексиз. Мына ушул жагдайлар тарыхый жактан илимий талдоону талап кылгандыктан, диссертациялык эмгектин объектиси катары тандалды жана изилдөөгө алынды.

Ошондуктан, эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын бул жаңы тарыхый шарттагы өз ара байланышын, кызматташтыгын, интеграцияланышын изилдөө актуалдуу маселе болуп эсептелинет. **Изилдөөнүн максаты** – эки өлкөнүн эгемендүүлүк жаңы, рыноктук шарттагы жогорку окуу жайларынын ортосундагы кызматташтыгынын багыттарын, жана бул тармактагы интеграциялык процесстин калыптануусун ишке ашуусун илимий изилдөө жана талдоо болуп саналат.

Эмгектин жалпы максатына ылайык, аны ишке ашыруу үчүн диссертант тарабынан төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду жана аткарылды:

1. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын тарыхнаамесине, булактык базасына жана методологиялык негиздерине токтолуу;
2. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим чөйрөсүн жаңы тарыхый шартта демократиялаштыруу, рыноктук жана ааламдашуу мезгилиндеги реформалардын багыттарын талдоого алуу;
3. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын инженердик- техникалык багыттагы жогорку окуу жайларынын жаңы тарыхый шартта, ааламдашуу мезгилиндеги кызматташтыгын талдоого алуу;
4. Интеграциялык процесстердин контекстинде эки өлкөнүн социалдык - гуманитардык жогорку окуу жайларынын (мындан ары ЖОЖ) өз ара кызматташуусун талдоо;

5. Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун кызматташтыгынын эки өлкөнүн жалпы эле билим берүү системаларынын интеграциялануусундагы ролун аныктоо;

6. Өлкөлөрдүн ЖОЖдорунун интеграциялануусунун жетишкендиги катары Кыргыз – Орус (Славян) университетинин (КОСУ) тарыхын жазуу жана изилдөөгө алынган мезгилдеги жетишкендиктерин, тажрыйбасын анализдөө;

7. Россия менен Кыргызстандын ЖОЖдорунун кызматташтыгындагы, байланыштарындагы айрым проблемаларга жана келечегине токтолуу;

8. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ЖОЖдорунун андан ары кызматташуусундагы практикалык сунуштарды жана жыйынтыктарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык иштин мазмуну** киришүүдөн, 4 баптан, 8 параграфтан, корутундудан, колдонулган тарыхый булактардын жана адабияттардын тизмесинен турат.

Биринчи бап “Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын тарыхнаамеси” деп аталып – өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын өз ара алакаларынын тарыхнаамеси талданды.

Биринчи баптын 1-параграфы “Изилдөөнүн Кыргызстандагы тарыхнаамеси» - деп аталып анда Кыргызстандын билим берүү системасы анын ичинде жогорку окуу жайлардын өнүгүшүнө Россиянын кеңеш мезгилиндеги кошкон салымы жана эки өлкөнүн ушул тармактагы байланышы, ошондой эле эгемендүүлүк мезгилдеги бул проблема боюнча талдоого алышкан Кыргызстандык окумуштуу – илимпоздордун илимий эмгектерине токтолуу менен, анализ жасалды.

“Теманын Россия Федерациясындагы тарыхнаамеси” деп аталган 1 баптын 2-параграфында биздин изилдөөгө алган проблема жана камтыган тарыхый хронология боюнча Россия тарыхнаамесиндеги илимий адабияттарга илимий анализ берилди.

Ал эми “Теманы изилдөөнүн булактык негизи, объекти, предмети жана изилдөө ыкмалары” - деп аталган экинчи бапта изилдөөнүн предмети менен объектиси каралып изилдөө ыкмаларына токтолдум. Мында биз изилдөөгө алган тарыхый аралыктагы Кыргыз Республикасында жана Россия Федерациясында жогорку билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө арналган тарыхый булактык базасына: архивдик документтер, аталган мезгилдеги өкмөттүн документтери, мыйзамдар жана нормативдик-укуктук актылар, мамлекеттик аралык келишимдер жана макулдашуулар, мезгилдүү басма сөз жана интернет булактарына токтолдум.

“Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын эгемендүүлүк мезгилдеги байланыштары” деген үчүнчү бап “Кыргызстандын жана Россиянын инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы” жана “Өлкөлөрдүн социалдык – гуманитардык жогорку окуу жайларынын байланыштары” деген

параграфтардан туруп, КРдин жана РФнын инженердик-техникалык жана социалдык – гуманитардык ЖОЖдорунун 1991-2011-жылдардагы кызматташтыгына жана анын интеграцияланышы иликтөөгө алынып илимий баа берилди.

Ал эми диссертациялык иштин "Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын билим берүү системаларынын интеграцияланышы" деп аталган төртүнчү бапы ," Эки өлкөнүн жогорку билим берүү системасынын интеграциялануусу жана Кыргыз – Орус Славян университети анын көрсөткүчү катары" жана "Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын проблемалары жана келечеги"**деген параграфтардан турат.**

Диссертациялык иликтөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянактар чыгарылды:

- **1.** Эмгекте 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлар ортосундагы өз ара кызматташтыгы, министрликтин жана борбордук мамлекеттик архивинин, ЖОЖдордун учурдагы архивдик булактарына, окумуштуулардын эмгектерине жана ошондой эле тиешелүү массалык маалымат каражаттарынан алынган маалыматтарга таянуу менен историзм жана обьективдүүлүк принциптерин жана башка тарыхый-салыштырма, тарыхый-хронологиялык сыяктуу илимий жалпы ыкмаларды колдонуу менен изилдөөгө алынды.
- **2.** Изилдөө көрсөткөндөй, Россия Федерациясы өткөөл мезгилдеги Кыргызстандын ЖОЖдорунун эл аралык интеграциялык процесске аралашуусунда көпүрө катары кызмат өтөй алды. Анткени республиканын жогорку окуу жайлары Россиянын жогорку окуу жайлары менен СССР мезгилинен бери эле ар тараптуу активдүү кызматташтыкта болушкан жана бул байланыштар үзгүлтүксүз, ырааттуу жана туруктуу мүнөзгө ээ болгону менен айырмаланган. Эгемендик алгандан кийин да эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара алакалар жаңы багыттарда жана мазмунда улантылган.
- **3.** Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялануу процессинде Болон системасына өтүү чоң роль ойногон. Анткени биз иликтөөгө алган мезгилде эки өлкө тең Болон системасынын принциптерин кабыл ала баштаган жана өз ара кызматташууда бул принциптерди сактоого аракет кылган. Бирдиктүү жалпы европалык билим берүү мейкиндигин түзүүгө багытталган бул системанын принциптери ириде билим берүүнүн сапатын жакшыртууга, студенттердин мобилдүүлүгүн көтөрүүгө арналып, натыйжада бүтүрүүчүлөр кесипке ээ болгон соң Европанын бардык өлкөлөрүндө үзүрлүү иштей алышат. Ошон үчүн Россия Федерациясынын да, Кыргызстандын да жогорку окуу жайлары өздөрүнүн ишмердиктеринде интеграциялык жана жаңычыл процесстерге умтулушкан. Иликтөөгө ылайык, Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын бир топ жождорунун окуу-методикалык процесстери Болон системасына ылайыкташкан.

- **4.** 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарын изилдөө эки өлкөнүн бирдиктүү эл аралык билим берүү мейкиндигине кошулуусунда мындай кызматташтыктардын абдан маанилүү экендигин тастыктады. Бул байланыштар Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн сапаттык жактан жакшыруусуна жана жогорулоосуна да баа жеткис салымын кошкон деп айта алабыз.
- **5.** Бирок биздин иликтөө көрсөткөндөй, эки өлкөнүн ортосундагы жогорку окуу жайлар ортосундагы кызматташуудагы бир жактуулук байкалат. Өз ара алакада негизинен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын активдүүлүгү жана ресурстук колдоосу Кыргызстандын жогорку окуу жайлары үчүн басымдуулук кылат. Кыргызстандан Россияга барып окуп жаткандар, окууну каалгандар өтө көп, ал эми Россиядан Кыргызстанга келип окугусу келгендер алда канча аз. Окутуучулардын стажировкаларын уюштуруу боюнча да Кыргызстандыктар Россияга көп барышат. Ал эми мындай максат менен Россиядан Кыргызстанга келгендер КОСУдан башка ЖОЖдордо өтө чанда кездешет. Анын себептери өтө эле көп. Эң негизгиси тарыхый традиция.
- **6.** Ошого карабастан, Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы кызматташтыктын келечеги бар экенин айтууга болот, бул айрыкча Кыргыз Республикасы үчүн абдан мааниге ээ. Анткени эки өлкөнүн ортосундагы көп векторлуу байланыштар жана кызматташуулар жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү активдүү алакага жагымдуу шарт түзөт. Экинчиден, жогорку кесиптик билим берүүдөгү инновациялык процесстердин өнүгүүсү эки өлкөнүн жогорку билим берүүсүндөгү интеграциялык процессти жакындатып, заманбап, мыкты адистерди даярдоого өбөлгө түзөт. 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Евроазиялык Экономикалык Союзга мүчө болуп кириши да эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара кызматташтыгын дагы да ар тараптан тереңдетээрине шек жок. Билим берүүдөгү кызматташтыктар эки мамлекеттин ортосундагы кызматташуулардын маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Диссертациялык иште **Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын ишмердердиктери** ар тараптан алгачкы жолу илимий негизде комплексттүү түрдө изилдөөгө алынды. Мурда жарыяланбаган көптөгөн архивдик материалдар илимий айлампага алгачкы ирет киргизилди жана орус окумуштууларынын бул жааттагы проблемалар боюнча жазылган тарыхнаамеси алгачкы жолу классификацияланды.

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

**Төрайым:**Урматтуу кеңештин мүчөлөрү изденүүчүгө суроолоруңуздар болсо бериңиздер?

**Төрайым:**Сөз суроо берүү үчүн, т.и.д.,профессор Алымбаев Ж.Б. берилет.

**Алымбаев Ж.Б.:** Гүлбү Корошовна сизге мындай суроо: К.К. Каракеев, С.А. Токтогонов, С.С. Данияров, И.А. Соктоевдор, ушул 1991-

2011-жылдарынын аралыгында Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы байланыштарды изилдегенби?

**Изденүүчү**: Суроoңузга рахмат, Совет мезгилиндеги жогорку окуу жайлардын калыптанышында жана өнүгүшүшүндө Россиянын салымы зор экендигин мына ушул жогорудагы окумуштуулардын жазган эмгектеринен кездештирүүгө болот, албетте, суроoңуз туура, бул эмгектер мен изилдеген хронологиялык алкакка туура келбейт, бирок тарыхнаамени жазууда бул окумуштуулардын эмгектерине тарыхнаамелик анализ жүргүзүү менен Россия менен Кыргызстандын жождорунун байланыштары ошол совет мезгилиненэле башталып, азыркы күнгө чейин уланып, үзгүлтүккө учурабай келе жатканын далилдөө үчүн азыраак болсо да маалымат берип коюуу үчүн жогорудагы окумуштуулардын эмгектерин тарыхнаамеге кыскача берүүнү туура көрдүм.

**Төрайым:** Дагы суроо барбы? Сөз суроо берүү үчүн, т.и.д., профессор Ж.Ж. Жакыпбековго берилет.

**Жакыпбеков Ж.Ж.:** Сиздин диссертацияңыз кыргыз тилинде жазылган ушундайбы, демек сиздин авторефератыңыздын орусча вариантынын 8 бетинде “Профессор Т.А. Абдырахманов считает, что одним из приоритетных направлений внешней политики Кыргызстана является интеграция системы образования в МОП с помощью международных организаций. В частности, он отмечает, что шесть организаций ООН и Европейский Союз оказывали финансовую помощь в реализации различных образовательных программ и проектов. Из них программа ТАСИС на период 1991-2004 годов позволила выделить средства в размере 85 млн. евро на реализацию различных проектов в Кыргызской Республике”, деп жазылып турат жана биздин кесиптешибиз Жээнбек Байыскуловичтин суроосунун уландысы катары мындай суроо. Сиздин диссертацияңызЖ.Баласагын атындагы КУУнин Кыргызстан тарыхы кафедрасында аткарылган. Россия менен Кыргызстан деп аталгандан кийин, ушундай акчалар бөлүнүп жатса, Кыргызстан ичиндеги биринчи жогорку окуу жайы болуп аталган Ж.Баласагын атындагы КУУне ошол Россия тарабынан кандайдыр бир конкретно, материалдык-техникалык базасын университеттин чыңдоо үчүн акчалар бөлүнгөнбү, айтыңызчы. Азыркы күндө Улуттук университеттин абалы абдан эле төмөн болуп жатат. Россия тарабынан кандай жардам берилген, конкретно Улуттук университет үчүн.

**Алыкулова Г.К.:** Рахмат, агай суроoңузга, бул маалымат т.и.д. профессор Т.А. Абдырахмановдун монографиялык эмгегине тарыхнаамелик анализ берүүдө алынган. Албетте, атайын Россия тарабынан Улуттук университетке бөлүнгөн каражат жок, бирок Россия тарабынан ар дайым өлкөбүздүн социалдык – экономикалык абалын оңдоо үчүн каражаттар бөлүнүп келет. Ошондой эле, 90-жылдардын башында башталган билим берүү системасында жүргүзүлгөн реформалардын негизинде ЖОЖдорго өз алдынча өнүгүүгө академиялык эркиндиктер берилген. Бул таризден алганда Кыргызстандагы башка жождор, билим берүү системасында жүргүзүлгөн реформаларга ылайык чоң жетишкендиктерге да жетишишти. Ал эми Россия

конкретно бир окуу жайга деп акча бөлбөйт, жалпы тармактар үчүн каражаттарды бөлүп келет, ал эми Кыргыз Республикасы ал каражаттарды өз чечимдеринин негизинде ишке ашырат. Россиянын ошол Ж.Баласагын атындагы КУУ менен байланыштары боюнча диссертациянын үчүнчү бапында маалыматтар берилген. Рахмат.

**Төрайым:** Изденүүчүгө суроонузлар барбы? Жок. Анда эксперттик комиссиянын тыянактары менен таанышсак. Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү т.и.д., профессор Эсенгулов Нурмамат Жокеновичке берилет.

**Эсенгулов Н.Ж.:** Диссертациянын актуалдуулугунда талаш жок. Диссертация ЖАКтын бардык талаптарына жооп берет, бардык бөлүмдөрү жана теманын дал келиши адистикке туура келет.

Мучүлүштүк катары:

1) Библиографиядагы архивдик булактарды берүүдө жана описти темасы менен жазуу жана кайталоо болбошу керек.

2) Авторефератка толуктоолор керек.

Диссертация ЖАКтын талабына жооп берет, коргоого алып чыгууга сунушталат.

**Төрайым:** Эксперттик комиссиянын корутундусу боюнча суроонуздар барбы? Жок.

**Төрага:** Сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.д., профессор Абытов Байболот Капаровичке сөз берилет.

**Абытов Б.К:** Бул диссертация ЖАКтын жана биздин диссертациялык кеңештин талабына, тике корутнду жазуунун структурасына ылайык бардык маалыматтарды мен Анара Карыевнага бергемин.

Диссертанттын КР мнен РФнын жогоркуу окуу жайлар ортосундагы кызматташтыгын ишке ашырууну ар тараптан иликтеген эмгек болгондугу байкалып турат. Нурмамат Жокеновичтин пикирине кошумча иретинде "Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж)" деген диссертация негизинен комплекстүү изилденген илимий эмгек болуп эсептелинет. Негизинен илимий иш бардык талаптарга жооп берет жана ачык коргоого сунушталат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү катары диссертантка пикирлер:

1) Автореферattтын кыргызча, орусча текстинин диссертация менен дал келиши, котормолорунда кээ бир мүчүлүштүктөр оорун алган.

2) Диссертациянын актуалдуулугун күчөтүү керек.

3) РФнын расмий документтерине көбүрөөк орун берилип, КРнын расмий документтерине азыраак көңү бурулуп калган.Толуктоолорду жасоо керек.

4) Кыргызстандагы аттуу-баштуу ЖОЖдор каралып, аймактардагы ЖОЖдор боюнча маалыматтар берилген эмес

5) Диссертацияда КР менен РФнын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы болгондуктан, Орусиянын окуу жайларынын архивдеринен алынган материалдарды колдонсо болмок.

6) Архивдик фонддорду тактоо керек.

Негизинен бул Ата мекен тарыхы боюнча жана 07.00.02. –Ата мекен тарыхы адистиги боюнча окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация жогорудагы мүчүлүштүктөрдү , сунуштарды эске алуу менен биз ачык коргоого сунуштасак болот деген ойдомун.

**Төрайым:** эксперттик комиссиянын мүчөсүнө суроо барбы?

**Абытов Б.К:** Айнура Атыгаевна жетектөөчү мекеме жана опоненттер боюнча азыр сөз кылабызбы, менин сунушум бар эле.

**Төрайым:** Айтыңыз, Байболот Капарович.

**Абытов Б.К.:** Өткөндө эксперттик комиссиянын жыйынында топтолуп отурганда, жетектөөчү мекеме катары окуу жайлардын ичинен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети сунуш кылынды, анткени ал жерде ушул багытта иштеген тарыхчылар, илимий эмгектери жарыкка чыккан окумуштуулар эмгектенет экен. Биринчи оппонент катары мени сунушташты, анткени башка эксперттик комиссиянын мүчөлөрү оппонент болууга мүмкүн болбойт экен, ошондуктан мен биринчи оппонент болууга макул болдум. Ал эми экинчи оппоненттикке т.и.к. профессор Жоробекова А.Э. Ал кишинин ушул эл аралык мамилелер боюнча илимий эмгектери бар экен, ошондуктан сунушталды.

**Төрайым:** Эксперт Байболот Капаровичке суроолор барбы? Жок.

**Төрайым:** Анда сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү т.и.д., профессор Каана Айдаркулга берилет.

**Каана Айдаркул:**Азыркы тема боюнча пикирлер айтылды. Биз оюбузду, пикирибизди былтыр эле айтканбыз. Андан бери диссертант баарын иштеди, оңдоду, кошту. Жакында эксперттик комиссиянын жыйыны болуп, ага Байболот Капарович катышып, чогуу эксперттик комиссиянын отурумунда өз оюбузду айттык.Эмгек эреже боюнча жазылган, мына корутундусу турат. Мени айтайын дегеним, жетектөөчү уюмду К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин, эл аралык мамилелер кафедрасы, биринчи оппоненет катары Байболот Капаровичти, экинчи оппонент катары А.Э. жоробекованы сунуштадык. Негизи эмгек бышты, канча деген эмгектер жазылды. Менин сунушум диссертантка, иштин актуалдуулугун тереңдетүү керек. Диссертантка ийгилик кааалайм жана ачык коргоого сунуштайм.

**Төрайым:** Эксперттик комиссиянын мүчөсүнө суроолор барбы? Жок.

**Төрайым:** Анда урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, эксперттик комиссиянын корутундусу боюнча суроонуздар жок болсо, анда диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтөлү.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча **Д. 07.20.624** диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Алыкулова Гүлбү Корошовнанын "Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)" деген темадагы

кандидаттык диссертация боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын корутундусу бекитилсин.

**2.** Алыкулова Гүлбү Корошовнанын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазган “Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)” деген темадагы 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча диссертациялык иши ачык коргоого кабыл алынсын.

**3. Бекитилсин:**

Жетектөөчү мекеме – К.Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик университетинин Эл аралык мамилелер кафедрасы.

Расмий оппоненттер:

1. тарых илимдеринин доктору, профессор Б.К. Абытов.
2. тарых илимдеринин кандидаты, профессор А.Э. Джоробекова.

**4.** Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынан Алыкулова Гүлбү Корошовнанын авторефератын басып чыгарууга уруксат берүүсү суралсын.

Урматтуу коллегалар, жыйындын токтомун бекитүүнү добушка коелук.

**“Макул” – 12,** бир добуштан кабыл алынды.

**Диссертациялык кеңештин төрайымы,**
**т.и.д., проф.** **А.А. Арзыматова**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчы, т.и.д.** **А.К. Карыева**